**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЖАЛАЛ-АБАД ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**«7»-июль 2025-жыл**

**X чакырылыш**
**кезексиз X сессия**

**ТОКТОМ** **№6** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин VI-чакырылышынын 05.03.2015-жылдагы кезектеги XXI-сессиясынын №7-токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесине ылайык, Жалал-Абад шаарынын мэриясынын 10.06.2025-жылдагы чыг.№01-18/3514 сандуу катты Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин 02.06.2025-жылдагы кеңейтилген жыйынында каралып, депутаттардын сунуштарын эске алуу менен, Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин кезексиз X-сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин VI-чакырылышынын 05.03.2015-жылдагы кезектеги XXI-сессиясынын №7-токтомунун 3-пункту жокко чыгарылсын.
2. Жалал-Абад шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчикте турган мамлекеттик номуру (мурдагы 2997 DA) 3003 DA «Хонда Аккорд» үлгүсүндөгү нөөмөттүк автоунааны кызматтык муктаждыкка байланыштуу Жалал-Абад шаарынын мэриясынын Жашылдандыруу жана көрктөндүрүү чарбасына оперативдүү башкарууга өткөрүлүп берилсин.
3. Жалал-Абад шаарынын мэриясынын Жашылдандыруу жана көрктөндүрүү чарбасы мүлктү сакталуусун өз жоопкерчилигине алуу жагы милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин жерди пайдалануу, архитектура, турак-жай, муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
6. Ушул токтом Жалал-Абад шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Турдубеков О.Т.**